КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

ЖАЙЫЛ РАЙОНУ
АК-БАШАТ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН
АК-БАШАТСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

---

# ТОКТОМ

23-июнь 2026 №7 Новониколаевка а.

## Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңешинин иши жөнүндө жобону бекитүү

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24-Жарлыгы менен бекитилген " Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу", Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 86-беренесинин,Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" , " Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алып, Ак-Башат айылдык ккеңеши **токтом** кылат :

1.Чүй облусунун Жайыл районунун Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңешинин мекемесин түзүү.

2.Толук фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде – **"Чүй облусунун Жайыл районунун Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемеси;**
- расмий тилде: Учреждение **« Айылный кенеш Ак-Башатского айылного аймака Жайылского района Чуйской области».**

Айылдык кеңештин кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде – " **Жайыл районунун Ак-Башат айылдык кеңеши" М-е;**
- расмий тилде **У-е « Ак-Башатский айылный кенеш Жайылского района ».**

3.Чүй облусунун Жайыл районунун Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемесинин төмөнкүдөй юридикалык дареги аныкталсын:

Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Жайыл району, Новониколаевка айылы, Школьный көчөсү 42 б

4.Чүй облусунун Жайыл районун Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңешинин иши жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

5.Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгында “Чүй облусунун Жайыл районунун Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каттоодон өткөрүлсүн.

6.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

7.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

8.Ушуну менен юридикалык жакты түзүү жөнүндө ушул токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн берилген документтерде камтылган маалыматтар анык экендигин жана мыйзамда белгиленген учурларда юридикалык жакты каттоо маселелери тиешелүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы тастыкталат.

**Төрага** **И.С.Рыскулов**

Ак-Башат айылдык кеңешинин
2026 жылдын 23-июнундагы
№ 7 токтомуна тиркеме

**Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңешинин иши жөнүндө жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1 Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңешинин ( мындан ары- Ак-Башат айылдык кеңеш) ушул жобо юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда айылдык кеңешти юридикалык жак катары каттоодо колдонуу үчүн иштелип чыккан жана айылдык кеңештин ишин жөнгө салат.

2. Ак-Башат айылдык кеңеш – өз ишин коллегиялык негизде жүзөгө ашырган, пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформа мезгилинде айылдык кеңештин 21 депутаттарынан турган Ак-Башат айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өкүлчүлүктүү органы.

3. Ак-Башат айылдык кеңеш юридикалык жак болуп саналат, анын Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн мөөрү, белгиленген үлгүдөгү штамптары, фирмалык бланктары жана башка атрибуттары болот.

Айылдык кеңештин расмий аталышы:

- мамлекеттик тилде – **“Чүй облусунун Жайыл районунун Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемеси;**
- расмий тилде учреждение **« Айылный кенеш Ак-Башатского айылного аймака Жайылского района Чуйской области».**

Айылдык кеңештин кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде – “ **Ак-Башат айылдык кеңеши” М-е;**
- расмий тилде **У-е « Ак-Башатский айылный кенеш ».**

Юридикалык дареги:

Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Жайыл району, Новониколаевка айылы, Школьный көчөсү 42 б

4 . Ак-Башат айылдык кеңеши өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

5.Ак-Башат айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте муниципалитеттер аралык

кызматташтыкты жүзөгө ашырат.

## 2. Ак-Башат айылдык кеңештин ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздери

6. Ак-Башат айылдык кеңештин ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы - сессия болуп саналат. Сессияларды өткөрүүнүн тартиби жана мезгилдүүлүгү "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, ошондой эле айылдык кеңештин регламенти менен аныкталат.

7. Ак-Башат айылдык кеңештин компетенциясы, айылдык кеңештин төрагасын жана анын орун басарын шайлоо жана кызматтан бошотуу тартиби, айылдык кеңештин төрагасынын жана анын орун басарынын укуктары жана милдеттери, айылдык кеңештин ишин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана айылдык кеңештин регламенти менен жөнгө салынат.

Пилоттук режимде администрациялык-аймактык реформаларды жүргүзүү мезгилинде айылдык кеңештин кошумча компетенциялары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 Жарлыгы менен бекитилген Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жободо аныкталган.

## 3. Ак-Башат айылдык кеңештин чечимдери

8. Айылдык кеңештин чечимдери токтом жана буйрук түрүндө чыгарылат, ага айылдык кеңештин төрагасы, ал эми ал жок болгон учурда айылдык кеңештин төрагасынын орун басары кол коет.

9. Айылдык кеңештердин ченемдик укуктук актылары токтом түрүндө, ал эми башка актылары - буйрук түрүндө кабыл алынат. Кабыл алынган актылар тиешелүү аймакта милдеттүү юридикалык күчкө ээ.

Айылдык кеңештердин ченемдик укуктук актылары "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте күчүнө кирет.

Айылдык кеңештин башка актылары, эгерде актынын өзүндө башкача каралбаса, алар кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

10. Айылдык кеңештин төрагасынын ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган чечимдерин айылдык кеңештин төрагасынын буйругу түрүндө

жеке өзү кабыл алат.

Айылдык кеңештин төрагасынын буйруктары, эгерде актылардын өздөрүндө башкасы каралбаса, алар кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

11. Айылдык кеңештердин чечимдери алар кабыл алынган тартипте жокко чыгарылышы же күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн.

## 4. Айылдык кеңешке келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик

12. Айылдык кеңештин мүлкүнө келтирген зыян үчүн ишканалар (бирикмелер), уюмдар жана мекемелер, жарандар айылдык кеңештин алдында мүлктүк жоопкерчилик тартышат.

13. Айылдык кеңештин мыйзамдуу кызыкчылыктары сот тартибинде корголот.

## 5. Корутунду жоболор

14. Айылдык кеңештин ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган учурларда Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен ишке ашырылат.

15. Айылдык кеңеш мөөнөтүнөн мурда таркатылган учурларда мүлктүн жана документтердин сакталышы үчүн жоопкерчилик айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлөт. Айылдык кеңештин документтери "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Мыйзамга ылайык сакталат.

Айылдык кеңештин төрагасы: Рыскулов И.С.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

ЖАЙЫЛ РАЙОНУ
АК-БАШАТ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН
АК-БАШАТСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

---

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

23 июня 2026 № 7 с. Новониколаевка

## Об утверждении положения о деятельности айылного кенеша Ак-Башатского айылного аймака

В соответствии со статьей 86 Гражданского кодекса Кыргызской Республики, "Об утверждении Временного положения о деятельности местных кенешей в рамках проводимой административно-территориальной реформы в пилотном режиме" утвержденной Указом Президента Кыргызской Республики № 24 от 7 февраля 2024 года, руководствуясь Законами Кыргызской Республики "О местной государственной администрации и органах местного самоуправления", "О статусе депутатов", Ак-Башатский айылный кенеш **постановляет :**

1.Создать учреждение : Айылный кенеш Ак-Башатского айылного аймака Жайылского района Чуйской области.

2. Официальное наименование айылного кенеша:

- на государственном языке - **"Чүй облусунун Жайыл районунун Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемеси;**

-на официальном языке -**Учреждение « Айылный кенеш Ак-Башатского айылного аймака Жайылского района Чуйской области».**

Сокращенное наименование айылного кенеша:

- на государственном языке: « Ак-Башат айылдык кеңеши» М-е»
- на официальном языке: У-е « Ак-Башатский айылный кенеш».

3.Определить юридический адрес айылного кенеша Ак-Башатского айылного аймака Жайылского района Чуйской области :

Кыргызская Республика, Чуйская область, Жайылский район, с. Новониколаевка ул. Школьная , № 42б .

4.Утвердить положение о деятельности айылного кенеша Ак-Башатского айылного аймака Жайылского района Чуйской области ,согласно приложения.

5.В соответствии законодательсвам Кыргызской Респубдлики произвести регистрацию в Чуй-Бишкекском управлении юстиции учреждение " Айылный кенеш Ак-Башатского айылного аймака Жайылского района Чуйской области"

6. Настоящее постановление направить в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в государственный реестр нормативно-правовых актов Кыргызской Республики.

7.Контроль за исполнением данного постановления оставляю за собой.

8.Настоящим подтверждается, что информация, указанная в настоящем постановлении об учреждении юридического лица, а также информация, содержащая в документах, представленных для государственной регистрации, является достоверной и что в случаях, установленных законом, вопросы регистрации юридического лица согласованы с соответствующими государственными органами и органами местного самоуправления.

**Председатель** **Рыскулов И.С.**

Приложение к постановлению
Ак-Башатского айылного кенеша
№ 7 от 23 июня 2026

# ПОЛОЖЕНИЕ
## о деятельности айылного кенеша Ак-Башатского айылного аймака

### 1. Общие положения

1. Настоящее положение айылного кенеша Ак-Башатского айылного аймака ( далее- айылный кенеш) разработано для использования при регистрации айылного кенеша как юридического лица в уполномоченном государственном органе по вопросам государственной регистрации юридических лиц и регламентирует деятельность айылного кенеша.

2. Айылный кенеш является представительным органом местного самоуправления Ак-Башатского айылного аймака, осуществляющий свою деятельность на коллегиальной основе, в период проведения административно-территориальной реформы в пилотном режиме состоящий из 21 депутатов.

3. Айылный кенеш является юридическим лицом, имеет печать с изображением Государственного герба Кыргызской Республики, штампы установленного образца, фирменные бланки и другие соответствующие атрибуты.

Официальное наименование айылного кенеша:

- на государственном языке - **“Чүй облусунун Жайыл районунун Ак-Башат айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемеси;**

-на официальном языке -**учреждение « Айылный кенеш Ак-Башатского айылного аймака Жайылского района Чуйской области».**

Сокращенное наименование айылного кенеша:

- на государственном языке: « Ак-Башат айылдык кеңеши» мекемеси
- на официальном языке: учреждение « Ак-Башатский айылный кенеш».

Юридический адрес: Кыргызская Республика, Чуйская область, Жайылский район, с. Новониколаевка ул. Школьная , № 42б .

4. Айылный кенеш в своей деятельности руководствуется Конституцией Кыргызской Республики, Законами Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления», «О статусе депутатов местных кенешей» и иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

5. Айылный кенеш осуществляет межмуниципальное сотрудничество, в порядке установленном законодательством Кыргызской Республики.

## 2. Правовые и организационные основы деятельности айылного кенеша

6. Основной организационно-правовой формой работы айылного кенеша являются - сессии. Порядок и периодичность проведения сессий определяется Законом Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления», а также регламентом айылного кенеша.

7. Компетенция айылного кенеша, порядок избрания и освобождения от должности председателя и его заместителя/ей айылного кенеша, права и обязанности председателя айылного кенеша и его заместителя/ей, организационное обеспечение деятельности айылного кенеша регламентируется Законами Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления», «О статусе депутатов местных кенешей» и регламентом айылного кенеша.

Дополнительные компетенции айылного кенеша в период проведения административно-территориальной реформы в пилотном режиме определено во Временном положении о деятельности местных кенешей в рамках проводимой административно-территориальной реформы в пилотном режиме, утвержденным Указом Президента Кыргызской Республики от 7 февраля 2024 года № 24.

## 3. Решения айылного кенеша

8. Решения айылного кенеша издаются в форме постановления и распоряжения, которые подписываются председателем айылного кенеша, а во время его отсутствия - заместителем председателя айылного кенеша.

9. Нормативные правовые акты айылного кенеша принимаются в форме постановлений, иные акты - в форме распоряжений. Принятые акты имеют обязательную юридическую силу на соответствующей территории. Нормативные правовые акты айылного кенеша вступают в силу в порядке, установленном Законом Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики». Иные акты айылного кенеша вступают в силу со дня их принятия, если иное не предусмотрено в самом акте.

10. Решения председателя айылного кенеша, принятые в пределах его полномочий, принимаются им единолично в форме распоряжений председателя айылного кенеша. Распоряжения председателя айылного кенеша вступают в силу со дня их принятия, если иное не предусмотрено в самих актах.

11. Решения айылного кенеша могут быть отменены либо признаны утратившими силу в том же порядке, в котором они были приняты.

## 4. Ответственность за вред, причиненный айылному кенешу

12. Предприятия (объединения), организации и учреждения, граждане несут перед айылным кенешем имущественную ответственность за вред, причиненный имуществу айылного кенеша.

13. Защита законных интересов айылного кенеша осуществляется в судебном порядке.

## 5. Заключительные положения

14. Досрочное прекращение полномочий айылного кенеша осуществляется Указом Президента Кыргызской Республики в соответствии случаям, предусмотренных Законом Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления».

15. В случаях досрочного роспуска айылного кенеша ответственность за сохранность имущества и документации несет глава айыл окмоту. Документы айылного кенеша хранятся в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О Национальном архивном фонде Кыргызской Республики».

Председатель айылного кенеша И.С.Рыскулов